Курманалиев айылында Кант РЭСи тарабынан бекитилген график менен бөлүнгөн лимит боюнча берилип турат.

Кочкорбаев айыл өкмөтүндө 2020-жылдын жыйынтыгы боюнча электр энергиясына акчалай төлөм 1434,0 миң сомду түзгөн. 2020-жылдын 1-январына электр –энергиясы боюнча дебитордук карыз жок.

Кочкорбаев айыл аймагында жарыктандыруу иштерин жүргүзүү боюнча тендер толугу менен өткөрүлдү жана жалпысынан 350 даана жарык берүүчү чырактар жана керектелүүчү материалдарга жалпысынан 399,0 миң сом акча каражаты жумшалды. Азыркы учурда Д. Курманалиев айылынын Казабаева, Жакыпова, Токтогул жана Шопоков көчөлөрүндө жарыктандыруу иштери толук кандуу жүрүп жатат. Баардыгы болуп төрт көчөгө 50 жарык берүүчү чырактар орнотулду. Д. Курманалиев айылында жарыктандыруу иштери бүтөөрү менен Буденовка жана Кеңеш айылдарынын ички көчөлөрүндө 300 даана жарык берүүчү чырактарды орнотуу иштери жүргүзүлөт.

Буденновка айылындагы Ломоносов көчөсүндөгү дренажды тазалоо, көпүрө коюу иш аракети толугу менен жасалды. Ал эми орнотуу иштери муниципалдык ишкана тарабынан аткарылды – 15,0 миң сом акча каражатынан каралды. Дренажды тазалоо иштери аткарылды.

Мындан тышкары 2021-жылга карата жолдорду оңдоо иштери тендерге берилип, 2021-жылдын март-апрель айларында Буденовка айылынын Октябрь, Турдубеков, 1 май, Токмок, Чапаев жана Строитель көчөлөрүндө жалпысы болуп 4,6 километр чакырым жолдорго кум-шагыл төгүлүп оңдоп түзөө иштери толугу менен бүткөрүлөт. Жалпы оңдоп түзөө иштерине 890,3 миң сом Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн өздүк бюджетинен каралган.

## Маданият, медицина жана спорт

Айыл аймагында 2 китепкана жана маданият үйү иштөөдө. Жылда өткөрүлүүчү "Нооруз", Кыргыз Республикасынын Эгемендүүлүгүнүн күнү" жана башка майрамдар калктын калың катмары менен өткөрүлдү.

Азыркы күндө маданият үйүндө Эркин күрөш, Кенеш орто мектебинин спорт залында футбол жана тиричилик үйүндө бокс, машыктыруулар жүргүзүлүп, айылдын балдары үчүн спорт менен машыгууга шарт түзүлүүдө.

2020-жылы футбол көк бору боюнча Кенеш, Д.Курманалиев айылындагы курама командаларына турнирлерге катышуусу үчүн 13,0 миң сом айыл өкмөтүнүн бюджетинен берилген.